***Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2-11- класстарынын кыргыз тили жана орус тили дептерлеринин абалы тууралуу маалымат***

Аты аталган мектепте 2-11-класстар арасында жалпысынан 13 класс комплект бар.

Башталгыч класстын окуучуларынын кыргыз тили №1,2 жана жат жазуу, дилбаян жазуу дептерлери толугу менен бар. 2-а классынын окуучуларынын дептерлеринин абалы жакшы, бардык окуучулар сулуу жана катасыз жазганга аракет кылышат. Класс жетекчиси Дүйшөгулова Чолпон тарабынын убагында текшерилип, каталары бар болсо эскертүүлөр берилип турат. Жада калса дептерге канча сап калтырып жазылышы керектигин эскертип, ката кетирилген жерине жазылып турат. Аскерова Адеми, Болотов Байел, Жуматаева Алтынайдын кол жазмалары абдан сулуу жана ката кетирбей жазгандары көрүнүп турат. Бул класста Советбеков Нуржигит абдан начар жазат, дептеринин абалы оор.

2-б класста 14 окуучу окуйт, дептерлери толугу менен өз ордунда. Аталган класста Молдокулова Нурайым, Кадырбеков Мустафа, Даниярова Айгыз башка окуучуларга салыштырмалуу дептерлерин таза колдонушат, катасы жок, булгабай жазганга аракет кылышат. Ал эми Райымкулова Аяна, Советбеков Акылбек жазууда каталарды көп кетиришет, булгап, ирээтсиз жазгандарын көрүүгө болот. Класс жетекчиси Момукова Рыскан ар бир бала менен тыгыз иштешкенин көрүүгө болот. Себеби, окуучулардын окуу жылынын башындагы жазгандары менен бүгүнкү күндөгү жазгандарын салыштырып карай турган болсок, анда бир топ жылыш болгонун байкай алабыз.

3- класс. Класс жетекчиси Сарылбекова Фарида. Маликова Айзура, Кожомбердиев Нуриман, Жумабекова Айназик, Дүйшөнбеков Нурдөөлөт. Жогоруда аты аталган окуучулар башка окуучуларга салыштырмалуу дептерлерин таза колдонушат, каталарды да аз кетиришет, кол жазмалары дагы сулуу. Ал эми Насырбеков Алмазбек, Бокоев Саян, Ахматов Нуркелди, Замирбекова Айсулуу , бул окуучулардын дептерлеринин абалы абдан начар. Класс жетекчиси тарабынан эскертүүлөр берилип турганына карабастан ошол эле катаны кийинки дептеринде кетирип, дептердин кээ бир беттерин аттап кеткен учурлары, ал эми кээ бир окуучулар тамгаларды элементи менен жаза албаганы көрүнүп турат.

4-а класста жалпысынан 24 окуучу окуйт. Ар бир окуучуда №1,2 жана жат жазуу, дилбаян жаза турган дептерлери бар. Бул класстын окуучуларынын жарымынан көбү дептерлерин катасыз, сулуу жазуу менен,

таза колдонушат. Рустамов Бекбол, Чыманов Азаматтын дептерлеринин абалы орто. Класс жетекчиси Момукова Рыскан тарабынан эскертүүлөр берилип, кетирилген каталарынын үстүндө иштөө болуп турат.

4-б класс. Кыргыз тили №1,2 жана жат жазуу дептерлери бар. Класс жетекчиси Мырзагелдиева Айгерим тарабынан ар бир тапшырма өз убагында текшерилип, кетирген каталарына эскертүүлөр берилип турат. Караболотова Алтынай, Нусубалиева Бегимай, Калыбекова Жазелдин дептерлеринин абалы башка окуучуларга салыштырмалуу жакшы деп белгилеп кетет элем. Ал эми Жаманаков Даниел, Догдурбеков Заир, Орозкулова Аружан, Зарлыкова Диана жазууда мугалим тарабынан берилген эскертүүлөргө көңүл бурбастан, кайрадан эле ошол каталарды кетирип жазгандарына күбө болдум.

5-класста 29 окуучу окуйт, 27 дептер текшерүүгө алынды. Мугалими Бейшенбай к Кулипа. Окуучулардын №1,2,3 жана дилбаян жазуу дептерлери бар. Кол жазмалары бир кылка, одоно каталарды кетирип жазган окуучуларды кездештире алган жокмун. Тунгатаров Бекназар, Сыдыков Жыргалбек деген окуучулар гана дептерлерин таза колдоно алышпайт, кол жазмалары абдан начар, жазууда каталарды көп кетиришет. Мугалим тарабынан эскертүүлөр берилип турат. Дептерлери предметтик мугалим тарабынан текшерилген.

8-а класста 13 окуучунун ичинен 10 окуучунун дептери текшерилди. Мугалим Орозалиева Кулкан эже. Окуучулардын дептерлери предметтик мугалим тарабынан текшерилген, каталары ондолгон. Бирок, ошого карабастан жазууда каталарды көп кетирген окуучулар жок эмес. Советбекова Малика , Кадырбекова Нуриза, Жантаев Нурдөөлөт. Аталган окуучулар сабагын жакшы окушат, чейректен деле жакшы баалар коюлаарын байкадым. Бирок, жазууда жөнөкөй гана сөздөрдү жазууда каталарды көп кетиришет. Кээ бир тамгаларды калтырып, жазбай кеткен, туура эмес ташымалдаган жерлери көрүнүп турду.

8-б класста 22 окуучудан 20 окуучунун дептери текшерилди. Мугалими Кошалиева Назира эже. Окуучулардын көпчүлүгү сулуу, таза, катасыз, ирээти менен жазышат. Бирок, ошого карабастан алардын арасында дагы башка окуучулардан айырмаланып, таза жаза албаган окуучулар бар. Алар: Койчубеков Байнур, Джуматаев Темирлан, Советбеков Нуриман. Аталган окуучулардын кол жазмалары начар, жазууда каталарды көп кетиришкен. Бардык окуучулардын дептерлери предметтик мугалим тарабыгнан текшерилген.

9-класста 28 окуучунун 24 нүн дептери текшерилди. Алардын ичинен саналуу гана окуучунун дептери таза, тыкан, кол жазмалары жакшы, жазууда каталарды аз кетиришкен. Алар: Дүйшөнбеков Канай, Уланов Элдияр, Советбеков Алымбек. Ал эми Аскеров Урмат, Сыдыгалиев Нурсултан, Аскеров Русландын дептерлеринин абалы начар. Калган окуучулар каталарды кетиришпейт, ирээти менен жазганы менен кол жазмалары начар. Предметтик мугалим Бейшенбай кызы Кулипа эже окуучулар менен тыгыз иш алып барып жатканын белгилеп өттү.

10-класста 20 окуучу окуйт, бардыгынын дептерлери бар. Бул класста бир гана окуучунун дептери начар болуп чыкты. Ал Советбеков Мирлан. Жазууда каталарды көп кетирет, кол жазмасы дагы начар. Калган окуучулар бир кылка, дептерлерин таза, тыкан пайдаланышат.

11-класс 10 окуучунун дептерлери текшерилди. Дептерлеринин жалпы абалы абдан жакшы. бул класста одоно каталарды кетирип, булгап жазган окуучуларды көрө алган жокмун. Предметтик мугалим Кошалиева Назира эже.

## *Орус тили дептерлеринин абалы*

2 – 11- класска чейин орус тили дептерлери текшерилди. Ар бир класстан дептерлери начар деп эсептелинген жогоруда аты аталган окуучулардын бул предметтен деле ошондой абалы байкалды. Бирок кыргыз тили предметине караганда орус тилинен каталарды көп кетиришет. Ар бир окуучунун №1,2,3 дептерлери бар. Предметтик мугалимдер Муралиева Гулмира, Шигайбаева Зинагүл, Кенжебай к Айгерим бардык окуучунун дептерлерин текшерип, кетирген каталарына эскертүүлөр берилип, текчеде катары менен ар бир класстыкы катары менен тизилип коюлган.

Муралиева Гулмира 3 – класс Мураталиева Назик, Замирбекова Айсулуунун дептерлеринин абалы начар. 2-класстан Абылмейизов Анвар дептеринин беттерин аттап жазып кеткен, 10-класста Аскарбеков Эламан, Курманбекова Альбина, Каныбекова Акмаралдын каталары көп, 8 – б класстан Койчубеков Байтур, Тунгатаров Мерсбек, Токтоматов Нурдиндин дептерлеринин абалы начар. 8-а класстан Маликов Ильичтин каталары көп.

Шигайбаева Зинагул 4 – б класстан Зарлыкова Диана, Орозкулова Аружан, Жамгырчиев Даниелдин , 4 – а класстан Чыманов Азамат, Айбеков Умардын, 6- класстан Туртубекова Камила, Орозкулов Жоомарт, Орозбекова Айбакыттын, 5-класстан Бектурова Самира, Жүрөрбекова Маликанын дептерлеринин абалы начар. Жазууда каталарды арбын кетиришет.

Кенжебай кАйгерим 3-класстан Мамакеев Мисир, Насырбеков Алмаздын, 7-класстан Джумабеков Байхан, Догдурбеков Тынар, Мырзабеков Бекназардын, 5-класстан Келдибекова Бегимай, Мамакеева Айназик, Тунгатаров Бекназар, Сыдыков Жыргалбектин дептерлеринин абалы начар деп табылды.

Гуманитардык УБ жетекчиси: Сыдык кызы Жазира